**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ**

720011, Бишкек шаары, Пушкин көчөсү, 50
Тел.: 620821; факс: 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: cec@shailoo.gov.kg
ИСН: 01704199610123

**ЦЕНТРАЛЬНАЯ КОМИССИЯ ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ РЕФЕРЕНДУМОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

720011, г. Бишкек, ул.Пушкина, 50
Тел.: 620821; факс: 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: cec@shailoo.gov.kg
ИНН: 01704199610123

№ Кл-155 «14» 04 2021

Сизд.чыг. (На) №________ «____» ________ 20__

**Сокулук аймактык шайлоо комиссиясына**

**А.Т. Жумановго**
дареги: Чуй облусу,
Сокулук району,
Ак-Ордо коңушу
тел: 0708366260

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына 2021-жылдын 13-апрелинде (кир.№Кл-155) Кыргыз Республикасынын жарандарынын атынан А. Жумановдон Ак-Ордо коңушунда кээ бир талапкерлер тарабынан мыйзам бузуулар болду деген даттануу түшкөн (даттануу тиркелет).

Арызда кандидаттар Майрамбек уулу Сыргак, Койбаков Тилек, Садыралиева Айнура тарабынан добуш сатып алуу жана жарандарды чогултуп, унаа менен участкага жеткирүү фактылары болду деп көрсөтүлгөн. Ошого байланыштуу шайлоонун жыйынтыгын жокко чыгарып берүүнү суранышкан.

«Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесинин 1-бөлүгүнүн 26-1-пунктун, 20-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1,12-пункттарын, «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 42-беренесинин 5, 6, 8-бөлүктөрүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын шайлоочулардын жана шайлоо процессинин башка субъекттеринин арыздарын жана даттанууларын кароо боюнча Жумушчу топ бул кайрылууну тез арада карап чыгууну жана шайлоо мыйзамдарын бузуу фактылары аныкталган учурда, аларды четтетүү жана күнөөлүүлөрдү жоопко тартуу боюнча тиешелүү чараларды көрүүнү суранат.

Кароонун натыйжалары жөнүндө арыз ээсине жана Борбордук шайлоо комиссиясына жазуу жүзүндө билдирсеңиз.

**БШКнын мүчөсү,**
**Жумушчу топтун жетекчиси** **А. Асаналиев**

атк. 62-01-84

Кыргыз Республикасынын
Борбордук шайлоо
Комиссиясынын төрагасына
А.Ш. Кармабековага
Сокулук районундагы
Ивановка айыл окмо-
түнө караштуу Ак-Ордо
конушу УИК-7?? округ №2
талапкерлердин атынан
Жуманов Б.Т. 0708366220
Сулманалиев.Э. 0709 174-998.

КР БОРБОРДУК
ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ
ЦЕНТРИЗБИРКОМ КР
Кириш / Входящий № Кл-155
«13» 04 2021 ж/г

# Арыз

Биздин арыз менен кайрылуубуздун себеби: 2021-жылдын 11-апрелде өткөн шайлоо боюнча №7405 округ №2 Ак-Ордо конушунда КЭ бир талапкерлер тарабынан мыйзам бузуулар (добуш сатып алуу) жана аюп эле шайлоочуларды чогултуп автоунаа менен шайлоо участокко алып барды, мунун баары видеонозомолго фиксация болгон. Бул кандидаттар: Маматбаев [illegible] уулу Сыргак, Койбаков Тилек, Садыралиева Айнура. Биздин талабыбыз бул шайлоону жокко чыгарып берүүңүздү суранабыз. Бул шайлоо мыйзамсыз.

1/ Жуманов Б.
2/ Сулманалиев Э.
3/ Атаназаров Б.
4/ Ботобеков Ш.
5/ Коноктатов Н.
6/ Калдаева К.
7/ Атыков Т.

13.04.21ж.

Батыров Н.А

Кожокматов

Турдубаев Н.А

13.04.2021г.

Сокулукской р-н
Новопавловка, айыл окмоту,
ул. Космон № 192 В
0708366270.